УДК 371.214

Н.О.Мааткеримов, *К.Тыныстанов ат. ЫМУ*
Салих Илхан, *Х.Карасаев ат. Кыргыз-Тїрк лицейи*
Г.К.Бектурова, *№14 орто мектеби.*

# ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРЇЇНЇ ЖАЎЫЛАНТУУДА КЫРГЫЗ-ТЇРК ИШМЕРДЇЇЛЇКТ□Н БАГЫТТАРЫ

*Макалада республиканын дїйнєлїк билим берїї мейкиндигине кирїї тенденциялары талданды. Биздин университетте окуп жаткан тїрк студенттердин адаптация кєйгєйлєрї кєрсєтїлдї. Физика боюнча кыргыз жана тїрк программаларын салыштыруу анализи жїргїзїлдї жана андан ары модернизациялоо багыттары белгиленди.*

Билим бер□□н□н системасынын стратегиялык максаты, элдин келечегин прогрессивд□□ □рк□нд□т□□ болгондуктан, турмуштук маанил□□ максатка жетиш□□н□н акылдуулук тактикасы мамлекеттин э□ биринчи маселелери болууга тийиш.

Їчїнчї миў жылдыктын босогосунда Кыргыз Республикасы дїйнєнїн єнїккєн єлкєлєрїнїн коомчулугуна интеграциялоонун багытын тандап алды. Учурда мамлекетибиз жалпы эл аралык коомдук-саясий, социалдык-экономикалык, социомаданияттык структураларга интенсивдїї кызматташууга олуттуу аракеттерди жасап жатат. Алардын арасынан приоритеттїї багыты болуп алдыўкы идеяларды жана концепцияларды жаратууга жєндємдїї жогорку квалификациядагы адистерди даярдоо Атамекендин интеллектуалдуу кадрлардын потенциалын єнїктїрїї эсептелет.

Дїйнєдєгї єнїккєн єлкєлєрдїн жогорку жана жалпы орто билим берїїнї єнїктїрїїсїнїн стратегияларына мїнєздїї бир топ тенденцияларды бєлїп карасак болот [3]. Алар глобалдуу болгондуктан биздин республикага да тиешелїї болуп кетет:

1. Билим берїї мекемелеринин жаўы тїрлєрї жана формалары пайда болуп тез єнїгїшї менен коштолушу (мис., мамлекеттик эмес, бюджеттен тышкары окуу жайлар, дистанттык билим берїї, экстернаттын чогундусу, єзїн-єзї камсыздандыруунун жаўы формалары, жалпы дїйнєлїк эмгек рыногунун керектєєсїнє жараша ишмердїїлїктї болжолдоо).

2. Жогорку окуу жайлардын ишмердїїлїгї адистерди даярдоо жана илимий-изилдєє иштерин жїргїзїї менен гана чектелбестен, алардын багыттарын кеўейтїї (эларалык долбоорлорду аткаруу, маркетинг, мониторинг жана социалдык изилдєєлєрдї жїргїзїї, басмаканалык ишмердїїлїктї єнїктїрїї ж.б.).

3. Эларалык эмгек рыногунун муктаждыгын эске алуу менен жогорку билимдїї адистердин номенклатурасын жана спектрин кеўейтїї жана кєбєйтїї.

4. Окуу-тарбиялоо процессинин вариативдїї, жекелик-инсандуу багыттуулугун камсыз кылып, окуучуларга жеке стилин жана окуу темпин тандап алуу мїмкїнчїлїгїн ишке ашыруу.

5. Азыркы кїндє єніктїрїлгєн инновациялык маалыматтык-окутуу технологияларынын жетишкендиктерин кеўири пайдалануу менен окутуунун жаўы усулдарын, формаларын жана каражаттарын окуу процессине киргизїї.

К.Тыныстанов атындагы Ысыккєл мамлекеттик университетинде т□рк улутундагы студенттерди окууга кабыл алуу биринчи жолу 14 жыл мурун башталган. Єткєн мезгилдин ичинде 50дєн ашык бїтїрїїчїлєр колдонмо математика, четтилдери, кыргыз филологиясы, география, физика ж.б. адистиктерди окуп аякташкан.

Окуу учурунда ар кандай кєйгєлєрдїн арасынан тїрк улутундагы студентердин жергиликтїї шарттарга ыўгайлашын (адаптация) карайлы. Чет мамлекеттерден келген кєпчїлїк студенттер тушуккан тилдик кыйынчылыктар тїрк студенттери їчїн єтє курч болгон эмес, себеби кыргыз менен тїрк тилдери тектеш болгондуктан, окуучулар тез эле тилди єздєштїрїшєт. Финансылык-экономикалык ыўгайлануу да татаал болбойт. Анткени, учурда америкалык доллар республикабызда кеўири пайдаланылып, алмаштуруу пункттары кеўири таралган. Эў татаал маселе катары социомаданияттык ыўгайлашууну белгилесек болот. Мындай кырдаал єзгєчє ар башка факультеттерде аз санда окуган тїрк студенттери дуушар болушат.

Жогоруда аталган кыйынчылыктарды жоюш їчїн тїрк студенттери жаўы эле окууга киргенде алар менен ар тїрдїї а□гемелешїїлєр єткєрїлєт. Факультеттин деканы, орун басарлары жана кураторлор тїрк студенттерин кыргыз курсташтары (тайпалаштары), шаарда бейтааныш адамдар менен жана кыргыз элинин каада-салттары жєнїндє жїрїш-туруштардын ар кайсыл учурларын талдашат.

Мындай аўгемелешїїлєрдїн натыйжасында тїрк студенттеринин пикирлерин жыйынтыктап тємєнкї тыянактарга келдик. Ыўгайлашуу процесси кєпчїлїк студенттер їчїн жалпы окуу мєєнєтїнїн биринчи жарымында уланат. Жергиликтїї шарттарга тезирээк аралашууда тарбиячы субъектинин (куратор, окутуучу) инсандык сапаттары басымдуу ролду аткарары аныкталды. Кыйынчылыктар кезиккен кай бир учурларда тємєнкї курста окуган тїрк студенттери жогорку курстагыларга кайрылууну тандашат. Ал эми жогорку курстун студенттери сабак берген окутуучуларга кайрылышат. Университеттен сырткы жерлерде єзїлєрїнїн жердештери жок кезде тїрк студенттери башка улуттун єкїлдєрїнє (орустар, єзбектер, дунгандар, уйгурлар ж.б.) караганда кыргыздарга кайрылууну башкалардан артык кєрїшєт.

Физика жаратылыштын эў жалпы закондору жєнїндє илим болгондуктан, мектепке окуу предмети катары айлана чєйрєдєгї дїйнє жєнїндє билимдердин системасына олуттуу салым киргизет. Коомдун экономикалык жана маданий єнїгїшїндє илимдин ролун кеўири ачып, физика азыркы кездеги илимий кєзкараштарды калыптандырууга кємєктєш болот.

Жалпы билимдин курамдуу бєлїгї катары физиканын гуманитардык мааниси: жаратылыш жєнїндє объективдїї билимдерди алыш їчїн таанып

билїїнїн илимий усулу менен окуучуларды куралдантат. Химияны, биологияны, физикалык географияны, астрономияны, технологияны, єм□р коопсуздугун їйрєтїї їчїн физиканын закондорун билїї зарыл [2].

Бирок ушуга карабастан, кийинки мезгилде Кыргызстанда окуучулардын физика сабагына  кызыгуулары жылдан жылга тємєндєп бара жатат. ЖОЖдордо табияттык, инженердик, техникалык жана технологиялык адистиктерге конкурс кескин тїрдє азайды. Ошону менен бирге республикада юристтик, экономикалык, чет тилдик, информатикалык кесиптерге билим алып окууну каалагандардын саны эбегейсиз жогорулап кетти.

Биздин гана республикабызда  эмес КМШда да мындай кырдаалдын пайда болушунун себептеринин бири болуп жалпы орто билим берїїчї мектептерде табигый-техникалык предметтер їчїн бєлїнгєн сааттардын жетишсиздигинен окуучулардын бул илимдерге болгон кызыгууларынын тємєндєшї эсептелет.

Республикада єнєржай тармактарын єнїктїрїїдє жогорку квалификациядагы адистерди даярдаш їчїн табигый илимдерди жана математикалык билим берїїнїн мурдагы жогорку деўгээлин кайра калыбына келтирїї зарыл экендигин окумуштуулар белгилешет [2, 6].

Физиканы єздєштїрїїгє окуучулардын кызыгууларын арттыруу їчїн мугалим ишмердїїлїктї жана инсандык багыттагы мамилелердин жардамы менен окуучуларды тартууда негизги ролду алардын єз алдынча таанып билїїлєрїн активдештириши зарыл. Ал їчїн физикалык билимдерди окуунун маанилїїлїгїн жана келечектеги турмушта керектїїлїгїн кєрсєтїш керек. Биринчи кезекте єзїнїн ємїр коопсуздугун, ден-соолугун жана айлана чєйрєнї сактоодо керек болорун кєрсєтїї, ошону менен бирге тиричилик электр куралдарын, транспорттук, радио-телекоммуникациялык каражаттарды туура пайдаланууну билїї учурдагы ар бир адамдын милдети экендигин кєрсєтїї. Электр зым єткєргїчтєрдї, суу тїтїктєрїн, газ приборлорун, электрондук техниканын бузулбай иштєєлєрїн кєзємєлдєє жана камсыз кылууда да физиканын законченемдїїлїктєрїн билїї пайдалуу экендигине ишендирїї азыркы талаптарга ылайык.

Физикалык билим берїїнїн жалпы сапатын жогорулатууга кємєктєш болуучу, фундаменталдык илимдин акыркы жетишкендиктерин эске алуу менен билим берїї системасына инновацияларды жайылтуу ар бир мугалимдин учурдагы милдети болот.

Андан тышкары мектептин окуу планындагы сааттардын торчосун физика-математикалык жана табигый предметтердин пайдасына кєбєйтїї їчїн «Адеп» (мурдагы Ыйман) сабагын, «Колдонмо экономика», «Экономикага киришїї», «Адам жана коом» ж.б.у.с. сабактардын мїнєзїн элективдїї (тандалма) жана милдеттїї кылбоо туура болот эле.

Негизги билим берїїчї мектептин (V-IX класстар) окуу планын їстїртєн эле талдап кєрсєк, гуманитардык предметтердин циклине (эне тили, орус тили адабияты менен, чет тили, тарых, адам жана коом) жумасына 76 саат бєлїнїп баардык окуу кєлємїнїн 47% ын тїзєт. Ал эми табигый предметтерге

(физика, химия, биология, география, жаратылыш таануу) 30 гана саат бєлїнгєн, математика жана информатика негиздери сабактарына 32 саат берилет. Ошентип физика табигый-математикалык предметтерге бириктирилип 62 саат берилген. Бул кєлєм гуманитардык циклга бєлїнгєн убакыттан дээрлик аз экендиги кєрїнїп турат. Ушунун натыйжасында азыркы убакыттагы мектептин бїтїрїїчїлєрї негизинен гуманитардык багытта билим алышууда деген тыянак келип чыгат.

1-таблицада Республикабыздын жана Туркиянын мектептеринде физиканы окутууга бєлїнгєн убакыттар кээ бир багыттар боюнча салыштырылып берилди.

“Себат” Кыргыз-Тїрк лицейлеринде (КТЛ) физиканы жана астрономияны окутуу боюнча колдонулуп келе жаткан программа [7] КРдин “Билим берїї” законуна жана окуучулардын жаш □зг□ч□л□г□н□ ылайык физиканын жана астрономиянын толук мазмунун камтыйт.

*Ар кандай багыттагы мектептердин класстарында физикага бєлїнгєн сааттын сандары.*

1 - таблица

| **Мектептердин багыттары** | **Класстар** | | | | | **Баардыгы** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | VII | VIII | IX | X | XI | |
| 1. Гуманитардык | 68 | 68 | 68 | 102 | 102 | 408 |
| 2. Жалпы билим берїї* | 68 | 68 | 102/74 | 136/144 | 136/174 | 510 |
| 3. Химия-биология** | 68 | 68 | 102 | 136 | 170 | 544 |
| 4. Физика-математика | 68/18 | 102/102 | 136/102 | 170/136 | 170/102 | 646/560 |

* *Тїркиядагы жалпы билим берїїчї мектептердеги физикага берилген сааттар.*** *“Себат” Кыргыз-Тїрк лицейлеринде физикага бєлїнгєн сааттар.*

Бирок, программаларда физиканы окутууга бєлїнгєн сааттардын саны боюнча тємєнкї айырмачылыктарды байкасак болот. Жалпы билим берїїчї тїрк мектептердин жогорку класстарында (X-XI) физика сабагына бєлїнгєн сааттын кєлємї дээрлик жогору экендиги кєрїнїп турат. Тескерисинче кыргыз мектептеринде физика-математика профилиндеги IX-XI класстарында физикага “Себат” лицейлерине караганда кєбїрєєк сааттар бєлїнгєн. КТЛдерде окутуу англис тилинде жїргїзїлгєндїктєн, 7-класста физикалык терминдерди англисче тїшїнїїгє жана физика предмети жєнїндє жалпы маалыматты їйрєнїїгє болгону 18 саат берилет.

2-таблицада жалпы орто билим берїїчї мектепте физика боюнча темаларга бєлїнгєн сааттардын саны кєрсєтїлгєн. Бул таблицада берилген маалыматтар боюнча физика предметинин бєлїктєрїнє арналган сааттарды КТЛдердеги кєлємї менен салыштырсак тємєнкї айырмачылыктарды байкасак болот. Эки программада теў болгону гана молекулалык физика, термодинамика жана оптика бєлїмдєрїнє бирдей кєлємдєгї окуу убактысы бєлїнгєн. Ал эми механика бєлїмї боюнча КТЛде дээрлик эки эсе кєп убакыт берилген (155 с. жана 72 с.). Себеби, алардын программасында 9-класста “Векторлор” (эсептєє системалары, векторду скалярга кєбєйтїї, вектордун проекциясы ж.б.), “Теў салмактуулук” (теў

аракет этїїчї кїч, оордук борборун табуу, биргелешкен геометриялык нерселердин оордук борбору ж.б.) темаларына кєбїрєєк сааттар кошулган. 2-таблицадан кєрїнїп тургандай, электрмагнитизм бєлїмї боюнча дагы аларда сааттардын саны кєбїрєєк. Атомдук, ядролук физика, элементардык бєлїкчєлєрдїн физикасы бєлїмдєрїнє КТЛде єтє аз окуу убакыт кєлємї берилген (60 с. жана 18 с.)

*Жаўы программа боюнча физиканын темаларына бєлїнгєн окуу убакыттары*

*2 - таблица*

| Темалар | Класстар | | | | | Бард. |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | VII | VIII | IX | X | XI | |
| 1. Кинематика | 10 | | | 12 | | 22 |
| 2. Динамика | 14 | | | 12 | | 26 |
| 3. Гидроаэростатика | 10 | | | 4 | | 14 |
| 4. Статика | 6 | | | - | | 6 |
| 5. Сакталуу закондор | 8 | | | - | | 8 |
| 6. Термелїїлєр жана толкундар.Їн. | 8 | | | 8 | | 16 |
| | | | | | | **72/155** |
| 7. Молекулалык-кинет. теория | | 10 | | 8 | | 18 |
| 8. Заттардын тїзїлїшї | | 9 | | - | | 9 |
| 9. Термодинамиканын | | - | | 10 | | 10 |
| негиздери | | 3 | | 5 | | 8 |
| 10. Реалдуу газ | | 3 | | 4 | | 7 |
| 11. Суюктуктардын | | 3 | | 9 | | 124 |
| касиеттери | | - | | 4 | | |
| 12. Катуу заттардын касиеттери | | | | | | |
| 13. Жылуулук кыймылдаткычтар | | | | | | |
| | | | | | | **68/51** |
| 14. Электрстатика | | 10 | | 6 | | 16 |
| 15. Туруктуу электр тогу | | 12 | | 12 | | 24 |
| 16. Ар кандай чєйр. электр | | 10 | | 12 | | 22 |
| тогу | | | 7 | | 8 | 15 |
| 17. Токтун магнит талаасы | | | -7 | | 4 | 4 |
| 18. Заттын магниттик | | | - | | 5 | 12 |
| касиеттери | | | | | 7 | 7 |
| 19. Электрмаг. термелїїлєр жана толкундар | | | | | | |
| 20. Єзгєрмє ток | | | | | | |
| | | | | | | **100/148** |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 21. Геометриялык оптика<br>22. Физикалык оптика<br>23. Жарыктын касиеттери<br>24. Салыштырмалуулуктун атайын теориясы | | | 6<br>8<br>9<br>- | <br>-<br>-<br>- | -<br>10<br>10<br>6 | 6<br>18<br>19<br>6 |
| | | | | | | **49/57** |
| 25. Атомдук жана ядролук физика<br>26. Элементардык бөлүкчөлөр<br>27. Астрофизика | | | 22<br>4<br>15 | -<br>-<br>- | 26<br>8<br>24 | 48<br>12<br>39 |
| | | | | | | **60/18** |
| 28. Кайталоо. Физикалык практикум | | | 9 | 14 | 12 | 35 |

**Бөлчөктүн алымында кыргыз-түрк лицейлеринде физика сабактарына бөлүнгөн сааттар көрсөтүлдү.*

Жалпы орто билим берүүнү реформалоонун кийинки этабында эки мамлекеттин алдына 12-жылдык мектепке өтүү чектелген. Бул татаал көйгөйдү эффективдүү чечүүдө жогоруда көрсөтүлгөн талдоо ыкмалардын илимий деңгээлин жогорулатуу менен колдонуу жемиштүү натыйжа берет деген пикирдебиз.

Жогоруда каралган жоболорду дүйнөлүк интеграциялык процесстерге катышууну, бир жагынан, оптималдуу варианттарын тандоого негиздешилибиз зарыл. Экинчи жагынан, кыргыз жана түрк улуттук салттарына, этномаданий өзгөчөлүктөрүнө, республикада көп жылдан бери калыптанган билим берүү системасынын жетишкен жактарына таянып өркүндөтүү керек. Ушул жагдайларды эске алуу биздин оюбузча билим берүү системабыздын сапатын жогорулатып, европалык стандарттарга жакындатып, билим берүү кызмат көрсөтүүнүн дүйнөлук рыногунда конкуренцияга жөндөмдүүлүгүн күчөтүүгө негиз болору шексиз.

АДАБИЯТТАР


1. Жалпы билим берүүчү орто мектептердин физика боюнча программалары / Түзүүчүлөр: Мамбетакунов Э., Карашев Т., Кулматов Э. -Бишкек, 2000.
2. Сияев Т.М., Мамбетакунов Э. Концептуальные основы обновления содержания среднего физического образования. -Бишкек, 2002.
3. Фурсенко А.А. Объединить потенциал образования и науки для создания общества знаний. // Alma mater, № 3, 2004, с. 8 –11.
4. Концепция модернизации российского образования на период до 2010 года: Приложение к приказу Минобразования России от 11.02.2002 г. № 393. -М., 2002.
5. Nursapar Maatkerimov. Fizikte bireysel ogrenci calimasi organizasyonuna dair//UFUK OTESI, Istanbul, Nisan 2005,Y I;4, Say:37, p. 24.

6. Марипов А.М. Общереспубликанское тестирование - зеркало образовательного уровня в Кыргызстане. /Кут билим, 29 апр.2005 г.
7. Жемалеттин Карачак. «Себат» кыргыз-т□рк лицейлеринде физиканы окутуу боюнча программа. -Б., 2004.
8. www.meb.gov.tr